DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Бабаева А.Д., Жусупова Н.Ы., Уметалиева Г.Р.*

# ОРТО КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН СТУДЕНТТЕРИНИН УКУКТУК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бабаева А.Д., Жусупова Н.Ы., Уметалиева Г.Р.*

# ОСОБЕННОСТИ ФОРМИРОВАНИЯ ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ СРЕДНЕГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

*A.D. Babaeva, N.Y. Zhusupova, G.R. Umetalieva*

# FEATURES OF FORMATION OF LEGAL CULTURE OF STUDENTS OF SECONDARY VOCATIONAL EDUCATION

*УДК: 37.372.8*

*Илимий макала колледждин студенттеринин укуктук маданиятын калыптандырууга арналган. Макалада жаштардын кылмыштуулук жасагандарынын себептери берилген. Ошондой эле, укуктук маданияттын өнүгүүсүнө таасир берген жана коомдогу ар кандай социалдык терс жагдайлар белгиленген. Укуктук нормалар жана колледждин студенттеринин укуктук билим деңгээлдери каралган. Укуктук маданият укуктук чөйрөдөгү студенттин ишмердигинде, өз укугун жүзөгө ашыруу жөндөмүндө аныктала турганы белгилүү. Андан сырткары студенттин укуктук маданиятынын өзгөчөлүгү мыйзамдарды жөнгө салуу чөйрөлөрүнүн баардыгы менен байланышта болуп, ал жөн гана айырмаланбай, белгилүү деңгээлде маданияттулукту талап кылат. Колледждин студенттеринин укуктук маданиятынын деңгээлин бир калыпка салуу үчүн укуктук жүрүм-турум дифференциалдаштырылышы керек. Ушуга байланыштуу макалада В.В. Оксамытындын жаштардын жүрүм-турумунун ар түрдүү классификациясы сунушталган.*

***Негизги сөздөр:*** *студенттер, укуктук маданият, жаштар, коом, жүрүм-турум, деңгээлдер.*

*Статья посвящена формированию нравственно-правовой культуры студентов колледжа. В статье указываются причины преступлений совершаемых молодыми людьми. А также различные факторы, влияющие на развитие правовой культуры и социальные изменения, происходящие в обществе. Рассматриваются нормы права и правовые знания студентов колледжа. Известно, что правовая культура проявляется в деятельности студента в сфере права, его способности реализовать свои права, обязанности. И особенностью правовой культуры студентов является то, что она связана со всеми сферами правового регулирования, которые не только различны, но и требуют определенного уровня культуры. Для разграничения уровня правовой культуры студентов необходима дифференциация правомерного поведения. В связи с этим в статье предложены различные классификации В.В. Оксамытына в поведении молодежи.*

***Ключевые слова:*** *студенты, правовая культура, молодежь, общество, поведение, уровни.*

*This scientific article is dedicated to the formation of the moral and legal culture of college students. The article indicates the causes of crimes committed by young people. As well as various factors affecting the development of legal culture and social changes occurring in society. The norms of law and legal knowledge of college students are considered. It is known that the legal culture is manifested in the student's activities in the field of law, his ability to exercise his rights and obligations. And the peculiarity of the legal culture of students is that it is associated with all spheres of legal regulation, which are not only different, but also require a certain level of culture. To delimit the level of legal culture of students, differentiation of lawful behavior is necessary. In this regard, the article proposes various classifications of V.V. Oksamytina in the behavior of youth.*

***Key words:*** *students, legal culture, youth, society, behavior, levels.*

Коомдун жаңыланышы, экономикалык, саясий, коомдук чөйрөнүн өзгөрүшү, демократиялык укуктук мамлекеттин түзүлүшү социалдык ишмердиктин акыл-эстүү субъектиси катары инсандын өнүгүү маселесин биринчи орунга коет. Мына ушуга байланыштуу адамдын өнүгүшүнүн мүнөздүк көрсөткүчү катары укуктук маданияттын ролу жана мааниси күч алууда. Азыркы учурда жаштардын арасында кылмыштуулуктун өскөндүгү байкалып, студенттердин укуктук маданиятын өнүктүрүүнүн объективдүү зарылдыгы жашап келет. Тагыраак айтканда, жаштардын бир бөлүгү жакынкы келечекте коомду башкарууга келип, илимде, өндүрүштө, маданиятта чечүүчү позицияны ээлейт. Жаштардын кылмыштуулугу баардык көрсөткүчү боюнча улуу жана орто муун өкүлдөрүн кооптондурат. Себеби, жалпы кылмыштын 57%ы жаштар тарабынан жасалат. Укуктук маданияттын, эркиндиктин деңгээли кайсыл жерде төмөн болсо, ал жерде анын карама-каршы түзүлүшү – баш

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



аламандык, өзү билемдик, мыйзам бузуучулук пайда болуп, адам укугу бузулат. Ал эми кайсыл жерде укуктук маданияттын деңгээли жогору болсо, ал жерде инсандын эркиндиги үчүн, демократиянын өнүгүшү, ачык-айкындуулук үчүн шарт түзүлөт. Коомдук радикалдык аң-сезимди жаңылабай туруп кризистен чыгууга, ал же бул маданияттын, анын ичинде укуктук тартипти, мыйзамдуулуктун сакталышын камсыз кылган укуктук сапаттуу бийик деңгээлине жетишүү мүмкүн эмес.

Социалдык баардык топтор менен студенттик күндөрдүн байланышы - анын коомдук структураларынын составдык социалдык бөлүгү болуп эсептелишин көрсөтүп турат. Албетте, студенттик күндөрдү коомдон бөлүнгөн өзүнчө топ катары караганга болбойт. Жаштардын бир бөлүгү катары студенттер коомдун социалдык-демографиялык бир топ динамикалуу тобу болуп саналат. Коом турмушундагы терс көрүнүштөрдү, адилеттик принциптеринин бузулушун, сөз менен иштин дал келбеген учурларын жаш муундар тез кабыл алышат. Мындай позиция өзү менен студенттердин ишмердигине маанилүү социалдык булактардын бирин көрсөтөт.Белгилүү болгондой эле студенттик куракта инсандын активдүүлүгүнүн өнүгүшүндө сапаттуу секирик болуп, анын мазмуну жана активдүүлүгүнүн багыты коомдо болуп жаткан социалдык өзгөрүүлөргө, түрдүү факторлорго өзгөчө күчтүү таасирин тийгизет [1, 47-б.].

Дал ушул курагында студент курчаган кеңири айлана-чөйрө менен түздөн-түз кызматташып, көз карашы, кылык-жоругу боюнча салыштырмалуу түрдө ата-эненсине, педагогдорго жана башка улуу муундарга көз каранды болбой, өз чөйрөсүнүн өзгөрүшүнө таасир бере алат.

Студенттер жогорку окуу жайында окуган кезинде өзүнүн кесиптик, социалдык жана инсандык түзүлүш этабында болушат. Ошондой болсо да, бул учурда айрым студенттерде максатка умтулуу, өз алдынчалуулук, жоопкерчилик сезими жетишпейт. Социалдык тажырыйбанын жана студенттерге арналган маалыматтардын жетишсиздигинен улам, алар алып жаткан билимдин белгилүү деңгээлде формалдашуусу жүрөт. Анын ичинде баалоого жөндөмсүздүгү, өзүн-өзү жогору баалоосу, курчаган чөйрөнүн жана бүтүндөй коомдун талабына карата көз карашынын туруксуздугу, терс көрүнүштөр бирге жүрөт. Студенттердин жүрүм-турумуна жүргүзүлгөн байкоо – жакшы иштерге болгон чакырыкта, жарык идеяларды алып чыгып, аларды жүзөгө ашырууга каалоосу болсо да, баштаган ишти акырына чыгарууга зарыл болгон туруктуулукка айрым студенттер ээ боло албай калышканын, өзүн-өзү жана өзүнүн башка чечимдерин уюштурууга шык-жөндөмү жетишсиз экендигин көрсөттү. Мындай учурда студентте пассивдүүлүк пайда болуп, сырттан жардам, көрсөтмөлөрдү күтүүгө аргасыз болот. Социалдык-психологиялык мындай негативдүү учур студенттинин сандык структурасында акыркы учурда бир топ көбөйгөн.

Азыркы жаштар прагматикалык, алар алданып калууну каалашпайт да, өзүнүн жаркын келечеги үчүн курмандыкка барууга даяр болуп, турмуштун чыныгы маңызын табууга аракет кылышат. Коомчулук жаштардын, студенттердин арасында саясий, экономикалык, укуктук турмушундагы пайда болгон ажырымды жоюуга аракет кылышы зарыл. Тагыраак айтканда, инсан катары өзүн-өзү көрсөтө билишине, студенттердин жана башка социалдык топтордун арасында өз ара түшүнүшө билишине, толеранттуулукка шарт түзүшү керек.

Биздин коомдо болуп жаткан процесстеги студенттердин ордун жана ролун аныктоодо – илимпоздор студенттердин укуктук маданиятын өнүктүрүү маселесине кайрылышкан.

Укуктук маданиятты өздөштүрүүдөгү студенттердин негизги каражаты болуп, ээ болгон укуктук билими эсептелет. Белгилүү деңгээлде укуктук билим алган адамдын бул шартта укуктук нормалардын сакталышынын объективдүү зарылдыгын түшүнө билүү зарылдыгы – укуктук нормалар жөнүндөгү билимдин маанилүү курамына камтылат. Бул анын мыйзам-ченемдүү жүрүш-турушунун талабында чагылдырылышы шарт.

Студенттердин укуктук маданияты прогрессивдүү укуктук идеяларды жана мыйзамдарды, укуктук тажрыйбаларды жана мүмкүнчүлүктөрдү кабыл алууга болгон даярдыгында, ошондой эле иштеп жаткан мыйзам чыгаруу органдарына сын көз караштагы мамиледе болушунда көрүнөт.

Инсандын мындай бөтөнчөлүктөрү укуктук маданият багыттарында мүнөздөлөт. Студенттердин укуктук маданияты, ошондой эле анын ишмердигинин белгилүү бир деңгээлинде жана мүнөзүндө, өзүнүн укуктук билим алышында же аны өнүктүрүшүндө байкалат [2, 23-б.].

Укуктук маданият укуктук чөйрөдөгү студенттин ишмердигинде, өз укугун жүзөгө ашыруу жөндөмүндө аныктала турганы белгилүү. Ошондой эле студенттин укуктук маданиятынын өзгөчөлүгү мыйзамдарды жөнгө салуу чөйрөлөрүнүн баардыгы менен байланышта болуп, ал жөн гана айырмаланбай, белги-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лүү деңгээлде маданияттулукту талап кылат. Өзүбүздүн изилдөө ишибиздин чеги менен мыйзамдарды жөнгө салуу чөйрөлөрүнүн баардыгын дагы студенттердин укуктук ишмердигин окуп үйрөнүүнү тапшырмасын койбойбуз. Бирок студенттердин ишмердик жүрүм-турумун – студенттердин укуктук негизги көрсөткүчтөрүнүн бири катары жалпы планда каралышы зарыл деп эсептейбиз.

Студенттердин укуктук маданиятынын деңгээлин бир калыпка салуу үчүн укуктук жүрүм-турум дифференциалдаштырылышы керек.

Жалпы кабыл алынган классификация болуп В.В.Оксамытындын сунуштаган классификация эсептелет. Ал укуктук жүрүм-турумдун төмөнкүдөй үлгүлөрүн бөлүп карайт [3, 117-б.]:

- социалдык-активдүү жүрүм-турум;
- оң (адаттык жүрүм-турум), бул укук нормаларынын сакталышы жана адатка айланган инсан ишмердигинин аткарылышы боюнча калыптануунун чегинде жүзөгө ашат;
- комформистикалык (пассивдүү жүрүм-турум), башкача айтканда, инсандын тышкы милдетине көнүгүүнүн натыйжасы катары өзүнүн жүрүм-турумуна айлана-чөйрөнү көз каранды кылууга жасалган аракет, же укук нормаларынын пассивдүү сакталышы;
- маргиналдык жүрүм-турум (мыйзам чегиндеги жүрүм-турумдун тиби катары жоопкерчиликтин алдында түзүлгөн кооптонуу мотиви, негизинен ал инсандын абалы “чек арачы” тарабынан бийленет, уруксат берилген чектен ашпайт. Бирок ал мыйзамга карама-каршы аракеттерди аткарууга жөндөмдүү).

Укук чөйрөсүндөгү инсандык жүрүм-турумуна карата студенттин инсандык укуктук маданиятынын деңгээлин жогорку, жетиштүү бийик, орточо, ортодон төмөн жана төмөн деп белгилөөгө болот. Студенттердин укуктук маданиятынын мындай деңгээлге бөлүнүшү белгилүү бир кызыкчылыкты көрсөтүп, мазмуну боюнча, тереңдиги жана индивидуалдыгы боюнча студенттердин укуктук маданиятынын көп кырдуу өнүгүшүн түшүндүрүүгө жол ачат.

Укуктук маданияттын төмөнкү деңгээлин таанып билүү, баалоо жөндөмүнүн жана укук маданиятынын индивидуалдык жүрүм-турум элементтеринин жетишсиздигин түшүндүрөт. Ал көп учурда укук нормаларын аргасыз аткарганда, укуктук аң-сезимдин алсыз деңгээлин мүнөздөп, укук ишмердигиндеги активдүү жөндөмдүн жетишсиздигин, коомдогу жарандык-укуктук маселеге карата кээде кайдыгер мамиледе болгондугун көрсөтөт.

Укуктук өнүгүүнүн бул деңгээлинде студенттердин укукка болгон кызыкчылыгы дээрлик байкалбайт, укуктук билими тайкы. Укук маданиятынын төмөнкү деңгээлинин көрсөткүчү – айлана чөйрөнү өзүнүн кылык-жоругуна баш ийдирем деген мотив курулушундагы маргиналдык жүрүм-турум болуп эсептелет. Мындай жүрүм-турум, эреже катары укуктук нормалардын бузулушуна, мыйзамдын тебеленишине жол ачат. Маргиналдык жүрүм-турум боюнча кеп кылганда, бул учурда инсандын укуктук маданияты таптакыр жок экендиги, же анын деформациялангандыгы сөзсүз белгилениши керек.

«Ортодон төмөнкү» деңгээлде укукка болгон кызыгуу туруктуу болбойт. Бул учурдагы мыйзамга ылайык жакшы жүрүм-турум жоопкерчилик алдындагы кооптонууга негизделип, инсан туура жолдо жүрөт. Бирок анын ички дүйнөсү анын жүрүм-турумуна дал келбейт. Мындай жүрүм-турумдун мүнөздөлүшү – укукка карата мамиленин деформацияланышы менен түшүндүрүлөт.

Инсандын укуктук маданиятынын орточо деңгээли – анын жүрүм-турумунун укук нормаларына ылайык жүрүм-турум экендигин түшүндүрөт. Башкача айтканда, мындай абалдагы жүрүм-турум өзүнүн кыймыл аракетининин зарылдыктарына болгон түшүнүккө негизделген. Орточо деңгээлдеги укуктук маданияттын көрсөткүчтөрү – туруктуу сакталган, адатка айланган мүнөздү алып жүргөн конформисттик жүрүм-турум болуп саналат. Тагыраак айтканда, бул учурдагы укуктук нормалардын сакталышы боюнча жасалган аракеттер өзгөчө ойлонулуп жасалбай, туруктуу адатынын күчү менен жүзөгө ашырылат.

Инсандын укуктук маданиятынын жогорку деңгээли анын өнүккөн укуктук аң-сезиминин негизинде байкалалып, инсандын керектүү деңгээлдеги укуктук билимге ээ болушун түшүндүрүп, ал укукка урмат-сый менен мамиле кылууусу чек катары кабыл алынбай, сын көз карашы, чыгармачылык менен да мамиле кыла тургандыгын көрсөтөт. Бул деңгээлдин негизги көрсөткүчтөрү болуп – укуктук нормаларды сактоо, пайдалануу, аткаруу боюнча ал тараптын социалдык-активдүү жүрүм-туруму жана андан ары өзүнүн укуктук маданиятын өнүктүрүү аракети эсептелет. Укуктук маданияттын бийик, жетиштүү деңгээлине ээ болгон студенттер жөнүндө кеп кылууда – бул категориядагы студенттер ар башка категориядагы жарандардын укуктук билимин күчөтүү зарылдыгына ынандырат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Жогорку окуу жайында билим алууда студенттердин укуктук баалуулуктарга акыл-эс менен мамиле кылышы, мыйзамдарга сый мамиледе болуу сезими, мамлекеттиик жана коомдук турмушта укуктук негиздердин бекемделишинин социалдык маанисине жана зарылдыгына болгон ишеними калыптанат. Бул, өз кезегинде, студенттердин керектөөсүндөгү укуктук нормалардын сакталышын, аткарылышын, пайдаланылышынын, укуктук негиздеги социалдык маанилүү жүрүм-турумга багытталган баалуулук-укуктук негиздин калыптанышына зарыл болгон шартты, окуп жаткандардын өз билимин күчөтүүнү мындан ары да өнүктүрүүнүн далили болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Бабаева А.Д. Использование интерактивных методов в процессе преподавания правовых знаний в колледже. Окуу-усулдук колдонмо. - Ош, 2013. - 62 б.
2. Бабаева А.Д. Влияние правовой культуры на развитие общества и защиту прав граждан. Окуу-усулдук колдонмо. - Ош, 2011. - 70 б.
3. Оксамытный В.В. Проблемы теории государства и права. - М., 2006. - 260 с.